**И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын изденип алуу боюнча Д 13.20.618 диссертациялык кеңештин расмий оппоненти педагогика илимдеринин доктору, доцент Б.Б. Зулуевдин 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Жолдошева Бибигул Алайчиевнанын "Башталгыч класстарда адабий окуу сабагында окуучулардын креативдүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары" аттуу темадагы педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине**

## РАСМИЙ ПИКИР

**I. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн адабий окуу сабагында калыптандыруу көйгөйү биздин республикада жетиштүү деңгээлде изилденген эмес. Маселенин актуалдуулугу, философиялык, психологиялык-педагогикалык адабияттардын анализи, диссертациялык, монографиялык материалдарды изилдөө, башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн калыптандыруу маселесине көп көңүл бурулбагандыгы, окуучунун чыгармачылык инсандыгын өнүктүрүү зарылдыгы; башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүнүн калыптануусуна зарыл болгон педагогикалык шарттарды киргизүү, алардын жетиштүү деңгээлде иштелип чыкпагандыгынын жана мугалимдердин өздөрүнүн креативдүүлүк деңгээлдеринин төмөндөшү; ар бир баланын чыгармачылык ишмердүүлүккө болгон потенциалдык жөндөмү менен, аны ишке ашыруудагы жетиштүү деңгээлде компетенциялардын калыптанбагандыгы креативдик жактан активдүү адамдарды мамлекеттин негизги байлыгы, улуттун генофонду катары кароо керек экендиги бул диссертациялык иштин актуалдуулугун

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№........ "......" ........201....ж/г

айгинелеп турат жана инсандын креативдүүлүгүнүн калыптанышына орчундуу көңүл бурулуп жатканы позитивдүү нерсе катары белгилеп кетүү керек.

**II. Диссертациянын илимий жоболорунун, жыйынтыктарынын жана сунуштарынын негизделиш даражасы.**

Диссертациялык изилдөө иштеринин жыйынтыгында жаңы илимий жоболор, натыйжалар жана сунуштар алынган. Башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн калыптандыруу боюнча психологиялык-педагогикалык адабияттар анализге алынып «креативдүүлүк» түшүнүгүнүн изилденүү деңгээли такталган, башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн калыптандырууга өбөлгө түзүүчү окутуунун уюштуруу формалары жана методдору аныкталган, адабий окуу сабагында башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныкталып анын натыйжалуулугу педагогикалык эксперимент аркылуу текшерилген.

Иште педагогика илиминин өнүгүшү үчүн бир катар мааниге ээ болгон төмөндөгүдөй илимий негизделген жаны теориялык натыйжалар келтирилген, педагогикалык эксперименттин жаңы жыйынтыгы иретинде аныкталган.

**1-натыйжа.** Башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн калыптандыруу боюнча психологиялык-педагогикалык адабияттар анализге алынып "креативдүүлүк" түшүнүгүн мазмунун тактоо иретинде мүнөздөлгөн жана соңку мезгилге карата жетиштүү деңгээлдеги илимий жаңылыгы менен мүнөздөлөт.

**2-натыйжа.** Баштагыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн калыптандырууга өбөлгө түзүүчү окутуунун уюштуруу формаларын жана методдорун аныктоо менен байланыштуу. Белгиленген натыйжаны да тийиштүү эмпирикалык материалдардын анализденген жыйындысы катары баалоого татыктуу.

**3-натыйжа.** Адабий окуу сабагында башталгыч класстын окучуларынын креативдүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары аныктоо жана жаңы жетишкендиктерди мүнөздөгөн калыптандыруучу педагогикалык эксперименттин жаңы жетишкендиктерди мүнөздөгөн калыптандыруучу педагогикалык эксперименттин жаңы жыйынтыгы иретинде аныкталган.

Илимий натыйжалар ишенимдүү, диссертациялык изилдөө үчүн жеткиликтүү материал топтолгон, 212 булак анализделинген, алынган жыйынтыктар аргументтүү баяндалган.

**III. Жогоруда алынган натыйжалардын негизинде диссертант тарабынан коргоого төмөндөгүдөй илимий жоболор белгиленген:**

1. Башталгыч класс куракта креативдүүлүктүн көрүнүү динамикасы: чыгармачылык мотивация, демилгелүүлүк, кыялданууга умтулуу, өзгөчөлүк, дивергенттик ой-жүгүртүү, көйгөйгө болгон сезимталдык, вариативдик, тамашакөйлүк, көз карандысыздык болуп саналат. Башталгыч класс окуучуларынын жогорку деңгээлдеги кабыл алуу, эмоционалдуулук, билимге, жаңыга умтулуу, жүрүм-турумдагы актык сыяктуу өзгөчөлүктөрү үчүн берилген жаш курак окуучулардын, башталгыч класстын аягында креативдүүлүктүн өнүгүү деңгээлинин төмөндөшүнө алып келген, салттуу окутуу тарабынан эске алынбаган чыгармачылык жөндөмдөрүн калыптандыруу үчүн оптималдуу болуп саналат.

2. Креативдүү окутуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында педагогика илиминде иштелип чыккан шарттардын арасынан уюштуруучу-педагогикалык шарттарды туура тандоо маанилүү. Аларга биз төмөнкү педагогикалык шарттарды тандап алууну туура көрдүк: адабий окуу сабагы аркылуу чыгармачылык ишмердүүлүктүн түрлөрүн актуалдаштыруу; окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүн педагогикалык максатка ылайыктуу мотивациялоо; өзүнө педагогикалык инновацияларды кабыл алууга жана өздөштүрүүгө даярдыкты кошкон педагогдун өздүк

креативдүүлүгүн тарбиялоо; окуучулардын чыгармачылык жөндөмдөрүнүн өнүгүүсүнүн ар тараптуулугун камсыздоочу мугалимдин ата-энелер менен болгон өз ара аракеттешүүсү; башталыгыч класстын окуучуларынын чыгармачылык ишмердүүлүк менен алектенүү процессиндеги дифференциациялык жана жекече ыкмалардын ишке ашуусу кирет.

3. Адабий окуу сабагында башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттарын текшерген эксперименттин натыйжасы.

Биздин оюбузча, жоболордуу аныктоодо жана белгилөөдө диссертант тарабынан коюлган милдеттердин ирээти так сакталган жана талаптарга жооп берет.

**IV. Диссертациянын жыйынтыктарынын практикалык маанүүлүлүгү:** алынган жыйынтыктар адабий окуу сабагында башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн калыптандыруу милдетин ийгиликтүү чечүүгө мүмкүндүк берет; – башталгыч класста креативдүүлүктү өнүктүрүү методдору, формалары, башталгыч класс окуучуларынын креативдүүлүгүн адабий окуу сабагында калыптандыруу боюнча педагогдун максаттуу багытталган ишин пландоого жана ишке ашырууга негиз болот; аныкталган уюштуруучу-педагогикалык шарттардын жыйындысы окутуу процессинин натыйжасын оптималдаштырууга жана жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Б. Жолдошованын диссертациясында алынган илимий натыйжалар башталгыч класстардын окуучуларынын креативдүүлүгүн адабий окуу сабагында калыптандырууга арналган жана натыйжалуу педагогикалык шарттарды аныктап, тийиштүү педагогикалык эксперимент аркалуу алардын эффективдүүлүгү негизделген. Диссертант тарабынан иштелип чыккан педагогикалык шарттардын, каражаттардын жана ыкмалардын мүнөздөмөлөрү илимий макала иретинде тийиштүү басылмаларда жетиштүү деңгээлде жарыяланган, бирок методикалык сунуштарды иштеп чыгуу,

бышыктаган материалдар көрсөтүлгөн эмес. Бирок, алынган натыйжалардын практикалык маанилүүлүгү жетиштүү, аларды башталгыч класстарда адабий окуу сабагында, мугалимдерди даярдоо практикасында жана алардын адистик чеберчилигин жогорулатууда кеңири колдонсо болот деп эсептейм.

Алынган натыйжалардын методикалык принциптерин, жолдорун жана шарттарын жалпы орто билим берүүчү мектептеринде да колдонууга сунуштаса болот

Диссертациялык иштеги белгиленген жана алынган натыйжалардын илимий маанилүүлүгүн жана методикалык баалуулугун дагы жогору деп бааласа болот, анткени эксперименталдык жол менен такталган натыйжалар мектептердеги учурдагы башталгыч билим берүү стандартында аныкталган өзөктүү компетенттүүлүктөрдүн өнүгүү талаптарын аткаруу максатында окуучулардын креативдүүлүгүн калыптандыруу үчүн окутуу-тарбиялоо процессинде изилденген,адабий окуу сабагында башталгыч класстын окуучуларынын креативдүүлүгүн калыптандыруу үчүн аныкталган педагогикалык шарттар иштелип чыккан;

– адабий окуу сабагынын мисалында креативдүүлүктү калыптандыруу үчүн сунушталган сабактардын иштелмелерин мугалимдердин чеберчилигин жогорулатуу үчүн түзүлгөн программаларга киргизүүнү сунуштаган.

**V. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.** Изденүүчү Б.А. Жолдошованын илимий диссертациясынын авторефератынын негизги жоболору, бөлүкчөлөрүнүн мазмуну, келтирилген илимий шилтемелери жана ой-пикирлери диссертациянын кол жазмасынын мазмунуна толук дал келет. Авторефератта диссертациянын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмелери бирдей мазмунда жазылган. Авторефераттын мазмуну, келтирилген илимий жоболорунун жана илимий жыйынтыктарынын берилиши авторефератка коюлуучу талаптарга толук жооп бере ала турган деңгээлде түзүлгөн.

**VI. Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта орун алган мүчүлүштүктөр.** Диссертациялык иш негизинен, көздөгөн максатына ийгиликтүү жетүүгө, алынган милдеттерин так жана талаптуу деңгээлде аткарууга жана чечүүгө багытталып, керектүү изилдөө методдорун туура колдонуу менен даярдалып, илимий натыйжаларын аныктоо менен жыйынтыкталган. Диссертациялык изилдөөдө алынган орчундуу оң натыйжалар менен катар кетирилген мүчүлүштүктөр да бар. Алар төмөнкүлөр:

1. Кыргызстандын башталгыч класстарында адабий окуу сабагында окуучулардын креативдүүлүгүн калыптандырууну жетекчиликке алынуучу документтерге талдоо жүргүзүү жана өткөрүүнүн мазмунун өркүндөтүү проблемасын аныктоочу негизги теориялык жоболорду илимий ой жүгүртүүдөн өткөрүү зарылчылыгын жана практикадагы акталдуулугун далилденген, бирок изденүүчү кайсы мамлекеттик документтерге таянганын так көрсөтсө ишенимдүү болмок.

2. Биринчи главада креативдүүлүк түшүнүгүн чечмелеп берүүгө аракет жасалып, адабий анализ кылынган, бирок окумуштуу-илимпоз окумуштуулар деп ирети менен караса туура болмок;

3. Ой жүгүртүүнүн репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү деңгээлдери менен катар Б. Блумдун таксаномиясындагы ой жүгүртүү деңгээлдери да кененирээк колдонулса болмок. Ушуга эле байланыштуу Дж. Кэррол менен Б.Блумдун толук өздөштүрүү технологиясы колдонулганда окуучулардын көпчүлүгү окутуудан күтүлүүчү натыйжага жетишмек.

4. Класстагы окуучуулардын бардыгы эле креативдүүлүккө жетише алышпайт. Ошол себептүү диссертациялык изилдөөдө төмөнкү класстан баштап окуучулардын өнүгүү нормалары жана нормага туура келбеген аномалдык өнүгүү да каралып кетсе проблема эки жактуу мүнөздөлмөк.

Жогоруда келтирилген мүчүлүштүктөр диссертациялык изилдөөнүн илимий деңгээлин төмөндөтпөйт. Жолдошова Бибигул Алайчиевнанын

“Башталгыч класстарда адабий окуу сабагында окуучулардын креативдүүлүгүн калыптандыруунун педагогикалык шарттары” аттуу 13.00.01.– жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча пеадгогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы өз алдынча аткарылган илимий-квалификациялык иш катары эсептөөгө болот жана орчундуу илимий натыйжаларды камтыйт, Кыргыз Республикасынын “Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндөгү Жобонун” 10 п. талаптарына жооп берет, ал эми изденүүчү 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты деген илимий даражаны алууга татыктуу.

**Расмий оппонент:**
**Ош гуманитардыкпедагогикалык**
**институтунун ректору,**
**педагогика илимдеринин доктору, доцент** **Зулуев Б.Б.**

Б.Б. Зулуевдин колун тастыктайм”
ОГПИнин кадрлар башкармалыгынын башчысы
.16 апрель 2021-ж.